# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК БААЛУУЛУКТАРГА ЖАНА УЛУТТУК, МАДАНИЙ ИДЕНТТҮҮЛҮККӨ ААЛАМДАШУУНУН ТААСИРИ: САЛЫШТЫРМАЛУУ ТАЛДОО

Р.Ж. УРКУНЧИЕВА*
А.Д. ДЮЙШЕНБЕКОВА****

**Аннотация:** Бул макала заманбап дүйнөдөгү үй-бүлөлүк баалуулуктарга, маданий иденттүүлүккө жана өзгөрүүлөргө ааламдашуу таасирин салыштырып талдоо арналган. Үй-бүлөлүк баалуулуктар жана салттар маданий өзгөчөлүктү калыптандырууда жана сактоодо маанилүү роль ойнойт. Бирок ааламдашуу шартында коомдук турмуштагы өзгөрүүлөр үй-бүлө институтуна, баалуулуктарга таасирин тийгизүүдө. Салыштырмалуу түрдө  карасак азыркы үй-бүлөлөрдүн түзүлүшүнөн, социалдык ролдордун өзгөрүшүнөн байкоого болот, аэ эми бул өзгөрүүлөр  социалдык-маданий иденттүүлүктүн кризисине алып келүүдө.Үй-бүлөлүк баалуулуктар – бул социалдык иденттүүлүк курулган жана калыптанган негизги пайдубал. Авторлор структуралык функционализм, алмашуу теориясы, феминисттик мамиле ж.б теориялар аркылуу теманын талдоого алуу аракетин көрдүк.Ааламдашуунун үй-бүлөлүк баалуулуктардын өзгөрүшүнө тийгизген таасиринин оң жана терс жактарын ачып, мүмкүнчүлүктөр менен коркунучтарды белгилеп салыштырмалуу  талдоо аракетин жүргүздүк.

***Anahtar Kelimeler:*** *Үй-бүлө, үй-бүлөлүк баалуулуктар, иденттүүлүк, маданий иденттүүлүк, ааламдашуу.*

**The Impact of Globalization on Family Values and National and Cultural Identity: A Comparative Analysis**

**Abstract:** This article is devoted to the comparative analysis of the influence of globalization on cultural identity and on the change of family values in the modern world. Family values and traditions play an important role in the formation and preservation of cultural identity. However, in the context of globalization, changes in social life affected the institution of the family. Comparatively, one can observe a change in the structure of the family, social roles, which entailed a crisis of socio-cultural identity. Family values are the main foundation on which social identity is built and formed. The authors tried to analyze the change in family values using the example of sociological theories and approaches such as structural functionalism, exchange theory, feminist approach, etc. We made our own analysis identifying the positive and negative aspects of the influence of globalization on the change of family values.

***Key Words:*** *Family, family values, identity, cultural identity, globalization.*

## Киришүү

Ааламдашуу азыркы тапта интеграциянын көп кырдуу процесси катары негизги социалдык институттарга трансформациялык таасирин тийгизүүдө. Үй-бүлөлүк жана маданий иденттүүлүктүн мисалында бул салттуу баалуулуктарды кайра карап чыгууда, коомдук мамилелердин түзүлүшүн  өзгөртүүдө жана жүрүм-турумдун жаңы үлгүлөрүн калыптандырууда бул таасирлерди байкоого болот.Көптөгөн элдер өзгөчө үчүнчү дүйнөнүн прогрессивдүү эмес мамлекеттери Батыш маданиятынын таасири астында акырындык менен өзгөчөлүгүн жоготуп, азыр начар өнүккөн өлкөлөрдүн элдерин тууроо объектисине айланууда, ошол себептен кээ бир этностор үчүн өз иденттүүлүгүн жоготуу коркунучу жаралууда.Белгилүү бир этнос үчүн тиешелүү эмес үрп-адаттарды, каада-салттарды жана көз караштарды кабыл алуу этностор аралык айырмачылыктарды жок кылууга алып келип,  бара-бара түрдүү маданияттардан турган ала-була мозаикага айланган дүйнөнү бирдиктүү жана бөлүнгүс нерсеге айланып калуусу мүмкүн. Көптөгөн өлкөлөрдө анын ичинде Кыргызстанда да коомдук турмуштун түп-тамырынан бери өзгөрүшү (ааламдашуу, демократиялаштыруу жана базар экономикасы) коомдогу адамдардын жүрүм-турумунун социалдык нормаларынын жана эрежелеринин өзгөрүшүнө, жалпысынан коомдо,үй-бүлөлөрдө, тарбияланып жаткан жаш муундун руханий кризисине алып келди. Натыйжада кыргыздардын жашоо философиясы, дүйнө таанымы, баалуулуктары, социалдык нормалары жана адамдардын коомдогу жүрүм-

* К.Карасаев атындагы БМУнунулук окутуучусу Уркунчиева Р.Ж.raisa.urj@mail.ru
**** К.Карасаев атындагы БМУнун улук окуутучусу

турум эрежелери өзгөрүүгө дуушар болууда. Бул жааттан алганда биз изилдөөгө алып жаткан теманын актуалдуулугу күмөн жаратпайт деп белгилесек болот, бул маселени терең изилдөөгө алып, туура багыт, чечимдерди, аш аракеттерди аткаруу мезгилдин талабы.

**Үй-бүлөлүк баалуулуктарды жана улуттук, маданий иденттүүлүктү изилдөөнүн теориялык өңүтү**

Ааламдашуунун таасири астында азыркы тапта үй-бүлө институту, улуттук иденттүүлүк маселеси олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Биз үй-бүлө кандайча иштээрин жана анын ар кандай факторлордун, анын ичинде ааламдашуу жараянынын таасири астында кандай өзгөрөрүн социологиялык теориялардын көз карашынан кароого аракет кылабыз.


Социологиядагы негизги теориялардын бири болгон функционализм теориясы үй-бүлөнү коомдогу туруктуулукту колдоочу жана сактоочу социалдык системанын негизги элементи катары карайт [10]. Функционализм теориясы боюнча үй-бүлө институту негизинен коомдо маданий өзгөчөлүктү жана баалуулуктарды колдоо, сактоо, өткөрүп берүү үчүн зарыл болгон маанилүү кызматты аткарат деп карайт. Бул жааттан алганда үй-бүлө институтуна көп милдеттер, күтүүлөр жүктөлүп турганын байкоого болот, анткени ар бир инсан үйдөгү тарбия, багыт берүү аркылуу социалдашуунун алгачкы этаптарында дүйнө таанымы, өзүн аңдоосу, жүрүм-турум өзгөчөлүктөрү калыптанат.Бирок ааламдашуунун таасири астында үй-бүлөнүн аткарган кызматтары өзгөрүүгө дуушар болууда, б.а. маселен, тукум улоо, репродукция кызматы толук аткарылбаган учурлар кездешүүдө. Экономикалык кризистен жана батыш маданиятынын таасиринен улам төрөлүүлөрдүн саны азайып, ыктыярдуу баласыздыкты тандоо «Чайлд Фри» жана бир жыныстуу никелер кездешүүдө.Кыргызстан үчүн бул көйгөйлөр азырынча анчалык курч маселе эмес, ошентсе да коркунуч бар экенин белгилөөгө болот. Ааламдашуу жараяны үй-бүлөлүк ролдорго, алардын аткарылышына чоң таасирин тийгизгенин да белгилей кетүү керек. Кыргыздар байыртадан салттуу патриархалдык үй-бүлөлүк тутумду карманышкан, мында эркек багуучу, коргоочу, аял очок кармоочу, сактоочуболгон.Бирок дүйнөлүк экономикалык каатчылык жана феминисттик идеялардын таралыш таасири биздин коомго белгилүү бир деңгээлде таасирин тийгизүүдө. Азыркы тапта аялдар эмгек рыногунда эркектер менен бирдей негизде иштешет, бул өз кезегинде үй-бүлө ролдорунун өзгөрүшүнө таасирин тийгизет жана үй-бүлөнүн баалуулугунун өзгөрүшүнө алып келүүдө.

Карама-каршылык теориясы үй-бүлөдө аял-эркек ортосундагы социалдык жыргалчылыктарга бирдей эмес жеткиликтүүлүгүнөн жанамуундар ортосундагы пикир келишпестиктердайыма болуп келет деген көз караштан изилдейт. Карама-каршылык теориясынын өкүлдөрү Карл Маркс жана Фридрих Энгельс коомдун көңүлүн үй-бүлөдөгү мамилелерге жана пикир келишпестиктерге бурушкан, алар көбүнчө экономикалык жана бийлик теңсиздигине негизделген. Бул маселелер карама-каршылык теориясынын негизинде каралып, үй-бүлөдө боло турган карама-каршылыктар, пикир келишпестиктерди изилдешкен.Карама-каршылык теориясынын көз карашынан алганда, ааламдашуунун таасири социалдык теңсиздикти күчөтүшү мүмкүн. Экономикалык түзүлүштүн өзгөрүшү менен үй-бүлөлүк ролдор өзгөрөт, бул үй-бүлөлүк баалуулуктарга жана мамилелерге таасирин тийгизет.Маселен, мурда балдарын багуу үчүн бала кароо өргүүсүн аялдар гана алса, азыр эркектер да алышат [2], ал айрыкча коомдун экономикалык түзүлүштүк өзгөрүүлөрдүн шартында, үй-бүлөнү финансылык жактан камсыздоодогу кээ бир өзгөрүүгө дуушар болгон шартта кеңири таралууда.

Джордж Хоманс [11] тарабынан сунушталган коомдук алмашуу теориясына токтолсок, биз үй-бүлөлүк мамилелерде дайыма ар багыттагы алмашуулардын болоорун байкоого болот. Мисалга алсак, эмоционалдык колдоо, материалдык сыйлык,

психологиялык коргоо сыяктуу ресурстарды алмашуу дайыма ишке ашат. Бул жаатта карасак үй-бүлөдө үй-бүлө мүчөлөрү «стимулдарды» жана «кызматтарды» дайыма алмашып турган социалдык топ катары каралат.Эгерде бул теорияны кайрадан ааламдашуу процессинин таасири астында карай турган болсок коомдук алмашууда да өзгөрүүлөр болууда, алар өз кезегинде жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жана ресурстарды пайдаланууга шарт түзүүдө. Азыркы учурда санариптештирүү билимге жана өзүн-өзү өнүктүрүүгө көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү ачууда. Калктын социалдык-экономикалык сабаттуулугун жогорулатуу үчүн онлайн платформалар түзүлүүдө. Бирок ошол эле учурда үй-бүлө ичиндеги баарлашууну, пикир алышууну, биргеликте убакыт өткөрүүнү чектөөдө. Көптөгөн замандаштарыбыз, чоңдор да, балдар да гаджеттерге көз каранды болуп калгандай таасир калтырууда, бул өз кезегинде үй-бүлөнүн эмоционалдык колдоо жана бирге эс алуу, өз ара кам көрүү кызматтарынын чектелишине, азайуусуна алып келүүдө.

Дагы бир теория феминисттик теория [12], ал үй-бүлөлүк ролдорду жана кыргыз үй-бүлө баалуулуктарын өзгөртүүгө олуттуу таасир этип келет. Феминисттик теория үй-бүлөлүк мамилелердеги теңсиздиктин гендердик аспектисине көңүл бурат. Чындыгында ааламдашуу жараяны аялдарга өз пикирин билдирүүгө жана өз укуктарын талап кылууга мүмкүнчүлүк ачып берди.Кыргызстанда 2015-жылданбери, 8-март күндөрү аялдардын укугу үчүн тынчтык жүрүш өткөрүлүп келет. Равшан Сабиров Нью-Йоркто [9], өткөн БУУнун Аялдардын абалы боюнча комиссиясынын 69-сессиясында өз баяндамасында Кыргызстан Туруктуу өнүгүү максаттарынын (ТӨМ) дүйнөлүк рейтингинде 45-орунда турганын жана гендердик теңчиликти камсыз кылууга өзгөчө көңүл буруп жатканын баса белгиледи.Мамлекеттик саясаттын багыттарынын бири аялдарга карата зомбулукка каршы күрөшүү жана аялдардын ишкердигин колдоо болуп саналат. Өлкөдө 40% ишкер аялдар бар, аларды колдоо боюнча атайын программалар ишке ашырылууда [4].




**Үй-бүлөлүк баалулуктарга жана улуттук, маданий иденттүүлүктү изилдөөдөгү SWOT –талдоо ыкмасы.**

Ааламдашуу – бул ар түрдүү өлкөлөрдүн, дүйнө элдеринин маданиятын бириктирүү, жакындатуу, интеграциялоо процесси. Ааламдашуу жашоонун бардык чөйрөлөрүндө ар кандай жолдор менен өзүнүн таасирин билдирип турат, бул социалдык чөйрөдө, өзгөчө үй-бүлө, үй-бүлөлүк баалуулуктар жана маданий иденттүүлүк чөйрөсүндө болуп жаткан өзгөрүүлөрдөн билинип турат. Үй-бүлө коомдун негизи болуп

саналгандыктан жана анын түзүлүшүндөгү, аткарган социалдык кызматындагы өзгөрүүлөр кеңири социалдык контекстте кездешип болуп жаткан өзгөрүүлөрдү чагылдырат.Эгерде мурда үй-бүлөнүн нуклеардык модели көп өлкөлөрдө кеңири таралган болсо, азыр ааламдашуунун таасири менен биз үй-бүлөлүк мамилелердин жаңы формаларынын пайда болгонуна күбө болуудабыз. Көпчүлүк өнүккөн өлкөлөрдө, анын ичинде Кыргызстанда толук эмес үй-бүлөлөрдүн саны өсүүдө, бир жыныстуу үй-бүлөлөр да жаралууда, ошондой эле аң сезимдүү балалуу болууну каалабаган үй-бүлөлөр да кездешет, бул үй-бүлөнүн социалдык институт катары негизги репродуктивдүү кызматын жок кылып, келечек үчүн, демографиялык өсүш үчүн, салттуу үй-бүлөнү баалоо деңгээлине коркунуч жаратууда. Мисалы, 2013-жылы ажырашуулардын саны 9052 [6] болсо, ал эми 2024-жылы ажырашкандардын саны 13042 [7]ни түзгөн, башкача айтканда ажырашуулардын саны салыштырмалуу өскөнүн көрүүгө болот. Ошол эле учурда никеге туруудa да өзгөрүүлөр бар, башкача айтканда никеге тургандардын саны азайганын белгилөөгө болот: 2013-жылы 53578 [6] болсо, 2024-жылы алардын саны 45033 [8] ти түзгөн, башкача айтканда үй-бүлө кургандардын саны болжол менен 15%га азайган.

Биз бул маселени изилдөөдө SWOT –талдоо ыкмасын колдондук, себеби ал аркылуу биз улуттук маданияттын, үй-бүлө институтунун күчтүү жактарын, кемчиликтерин, күтүлүүчү коркунучтарды жана түзө ала турган мүмкүнчүлүктөрдү аныктай алабыз.

| Күчтүү жактар: | Кемчилик жактар: |
|---|---|
| ▪ **Салттык үй-бүлөлүк баалуулуктар** – улууларга урмат көрсөтүү, кичүүлөргө ызат кылуу;<br>▪ **Кыргыз элинин меймандостугужана колдоо көрсөтүү,;**<br>▪ **Муундардын байланышы** -оозеки маданияттын негизинде тарыхты, санжыраны, салт-санаа, үрп-адаттарды, уламыштарды укумдан-тукумга берүү аракети.<br>▪ **Этномаданий салттарды кайра жаратуу;**<br>▪ **Санариптештирүү** — аралыкта баарлашуу мүмкүнчүлүктөрү. | ▪ **Социалдык** -миграциянын жана урбанизациянын таасири астында үй-бүлөлүк байланыштардын алсырашы;<br>▪ **Маданий –** батыш баалуулуктарынын инсанга, социалдашуусуна тийгизген тескери таасири, үй-бүлөлүк ролдордун жана баалуулуктардын өзгөрүшү;<br>▪ **Мамлекеттик тилди сактоо маселеси**;<br>▪ **Муундар ортосундагы ажырым -** жаштар менен улуу муундан ортосундагы дүйнөгө, улуттук баалуулуктарга, дүйнөнү таануудагы, ой-жүгүртүүсүндөгү айырмачылыктар |
| **Түзүлүүчү мүмкүнчүлүктөр:** | **Күтүлүүчү коркунучтар:** |
| ▪ **Мамлекеттик программалар** – мамлекеттик үй-бүлө саясаты үй-бүлө институтун чыңдоого жана өнүктүрүүгө, коомдун турмушта үй-бүлөнүн социалдык ролун жогорулатууга, ошондой эле балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылууга багытталган [5].<br>▪ **Маданиятты жана үй-бүлөлүк баалуулуктарды популяризациялоо** – китептер, фильмдер, басылмалар ж.б;<br>▪ **Санариптик технологияларды, социалдык тармактарды, платформаларды колдонуу -** кыргыз үй-бүлөсүнүн маданий өзгөчөлүгүн жана баалуулуктарын үйрөнүү жана сактоо үчүн; | ▪ **Социалдык чакырыктар** – үй-бүлө институтунун жана салттуу нормалардын баалуулугунун алсырашы;<br>▪ **Экономикалык кризистер** – аргасыз миграцияга кетүү, толук эмес үй-бүлөлөрдүн өсүшү, бул балдардын социалдашуусуна жана тарбияланусуна таасирин тийгизүүдө;<br>▪ **Маданий ажырым –** ассимиляция, эне тилди жоготуу, маданий баалуулуктарды трансформациялоо;<br>▪ **Санариптештирүү** – Гаджеттердин таасири балдарды тарбиялоодо ата-эненин ролун төмөндөтүшү мүмкүн, анткени тышкы булактар (мисалы, интернет, социалдык тармактар) жаштарга көбүрөөк таасирин тийгизе баштайт.<br>▪ **Иденттик кризис** – адеп-ахлактык принциптердин эрозиясы, инсандыгын жоготуу. |

Кыргыз элинин, кыргыз үй-бүлөлүк байланыштардагы **күчтүү жактарыбызга** токтоло турган болсок,

- Биринчиден **салттык үй-бүлөлүк баалуулуктар,** тагыраагы улууларга урмат көрсөтүү, биримдик, ынтымак, кыйын кезде жардам берүүгө даярдык, бири-бирин ар тараптуу колдоо бул кыргыз улутунун канга сиңип калган, ар кандай учурларда токтоосуз ишке ашырылып келген иш чаралардын катарын толуктап турат.
- **Меймандостук жана колдоо көрсөтүү**, байыртадан кыргыз эли коногун ардактап тосуп, өзү жебесе да, конокко колунда болгон жакшы тамак-ашын коюп, мүмкүнчүлүгү болсо мал сойдурупконоктогон,ал өзгөчөлүк азыр да уланып, кыргыз эли меймандос, камкор бойдон калууда. Ошону менен катар кыргыздар жакынына дайыма колдон келген колдоо, жардам көрсөтүп келген, бул өзгөчөлүк дагы да кыргыздын канына сиңип калган көрүнүш экени 2020-жылы пандемия учурунда жалпы мүмкүнчүлүгү бар инсандар, колдон келген жардамын, колдоосун көрсөтүп ошол оор учурду жеңип өтүүгө өбөлгө түзгөнүн белгилөөгө болот.

- Кийинки өзгөчөлүк **муундардын байланышы,** башкача айтканда оозеки маданияттын негизинде тарыхты, санжыраны, салт-санаа, үрп-адаттарды, уламыштарды укумдан-тукумга берүү аракети. Бул жерде моюнга ала турган нерсе, албетте бул жаатта өтө жигердүү иштер, аракеттер көрүлбөсө дагы, бул биздин маданияттын өзгөчөлүгү, улуттук нарктуулугу. Албетте улуу муун улам кийинки жаш муундарга тарых, маданияттын дээрлик баардык орунттуу өзгөчөлүктөрүн толук өткөрүп бербесе да, белгилүү бир аракеттер болуп жатат, мисалы тушоо кесүү, баланы бешикке салуу, сүннөткө отургузуу жөрөлгөлөрү ж.б., үрп-адаттар дайыма аткарылып келүүдө.
- **Этномаданий салттарды кайра жаратуу**, улуттук, этно маданий чыгармаларды жайылтуу, санжыраны, ата-тегин билүү, айтыш, төкмөлүктүн түрлөрү, «Манас» айтуу өнөрүж.б. канча кылым өтсө дагы бул маданий баалуулуктар укумдан-тукумга өтүп, маданияттын ажырагыс бөлүгү катары кала берүүдө. Бул этномаданий баалуулуктарды жайылтуу менен жаштарга, алардын табиятына таасир этүү аракетин көрүү зарыл. Акыркы убактарда бул жаатта алгылыктуу иштер аткарылууда, мисалы «Манас эпосунун күнү» - 4-декабрь, «Ак калпак күнү» -5-март, жети атаны билүү талабы, айтыштарды уюштуруу сыяктуу иштер бул көрүнүштү айгинелейт.
- **Санариптештирүү –** Кыргызстан коому мезгилден артта калбай баардык тармакты санариптештирүүнү колго алып жатат, ошону менен катар улуттук баалуулуктарды, маданий өзгөчөлүктөрдү жайылтууда санариптештирүү менен катар, интернет айдыңы аркылуу, жайылтууга кеңири мүмкүнчүлүктөр бар, мына ошондуктан бул жаатта жигердүү иш алып баруу мезгилдин талабы экенин белгилеп кеткибиз келет.

Бул күчтүү жактарыбыз менен катар, **кемчиликтер,** алсыз жактарыбыз да кездешет:

- **Социалдык жактагы кемчиликтер** – ааламдашуу доорунда туугандык, жакындык байланыштардын алсырашы кездешүүдө, буга таасир эткен негизги себептер катары миграция жана урбанизация процессин, динамикалык жашоо образын ж.б. айтууга болот. Кыргыздар байыртадан тууганга, жакындарга, коңшу-колоңдорго өзгөчө мамиле кылып келген болсо, акыркы убактарда ал байланыштар алсырап, мурункудай жакын мамиле, дайыма байланышта болуу, ал-ахыбал сурап катташуу минималдашып, азайып баратканы сезилүүдө. Демек социалдык карым-катнаш жаатында, байланышуу маселелерин жандандыруу үй-бүлөлүк, жакындык мамилени бекемдейт деген пикирдебиз.
- **Маданий жактагы кемчиликтер**– батыш баалуулуктарынын инсанга, социалдашуусуна тийгизген тескери таасири, үй-бүлөлүк ролдордун жана баалуулуктардын өзгөрүшү менен коштолууда; Азыркы тапта дүйнө таанымы, дүйнөгө карата көз караштардын калыптануусунда ааламдашуунун таасири аркылуу көп өзгөрүүлөр орун алып келет, ал тургай маданий, улуттук, рухий, тарыхый баалуулуктар эске алынбай, материалдык, социалдык статус, абал, өзүн-өзү өстүрүү баалуулуктары алдыңкы сапка чыкканы байкалууда.
- **Мамлекеттик тилди сактоо маселеси**–Э.Ибраев «Тилим менен улутмун» поэмасында «Улут болсом тилим менен улутмун» деп белгилейт, тил баардык нерсенин башаты, маалыматты өткөрүп берүүнүн каражаты болуп эсептелет. Бирок тилекке каршы акыркы мезгилдерде жаштар негизинен шаар жергесинде башка чет тилдерди үйрөнүүгө басым жасап кыргыз тилин үйрөнүүгө кызыга беришпейт. Ошондой эле жаштар арасында салттарга, үрп-адаттарга кызыгуусунун алсырашы байкалууда, ал эми салт-санааларды колдоонуну эскилик, жапайычылык катары кабыл алып, аларды өз турмушунда пайдаланууга аракет жасашпаганы, кыргыз тилин жеткиликтүү деңгээлде билбегени келечек муун үчүн улуттук баалуулуктарды өткөрүп берүүдө тоскоолдук жаратышы мүмкүн.

- **Муундар ортосундагы ажырым** - жаштар менен улуу муундан ортосундагы дүйнөгө, улуттук баалуулуктарга, дүйнөнү таануудагы, ой-жүгүртүүсүндөгү айырмачылыктар, карама-каршы көз караштар дайыма эле болуп келген. Ошентсе да азыркы тапта бул айырмачылыктар өтө чоң ажырымды жаратууда. Бул көрүнүштү да биздин, коомдун кемчилиги катары кабылдообуз зарыл.

Албетте баардык жараяндардын оң жагы, кемчиликтери менен кошо белгилүү бир **мүмкүнчүлүктө**р жаралат, биз үй-бүлө баалуулуктарын, улуттук, маданий иденттүүлүктү сактоодо кандай мүмкүнчүлүктөр бар экенин талдап көрдүк. Алардын катарында:

- **Мамлекеттик программалар** – мамлекеттик үй-бүлө саясаты үй-бүлө институтун чыңдоого жана өнүктүрүүгө, коомдук турмушта үй-бүлөнүн социалдык ролун жогорулатууга, ошондой эле балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылууга багытталган болуусу зарыл. Качан гана үй-бүлө институтуна мамлекет тарабынан ар кандай колдоолор, укуктук-нормативдик ченемдер аркылуу бекемделип, социалдык-экономикалык колдоолорду ишке ашырган долбоорлор ( «Жөлөк пул» [3], «Социалдык келишим» [1] ж.б.) үй-бүлөлөрдү колдоп, коргоп турса үй-бүлөнүн бекем болушуна, аны камсыздоого шарттар түзүлөт. Албетте жогоруда көрсөтүлгөн долбоорлор жеткиликтүү болбосо да, мамлекет тарабынан үй-бүлөлүк саясатты ишке ашыруудагы аткарылып жаткан иштерден, аракеттеринен кабар берет [5].
- **Маданиятты жана үй-бүлөлүк баалуулуктарды популяризациялоо** – китептер, фильмдер, басылмалар, газета, журналдар ж.б. Мисалы, «Курманжан Датка», «Дарак ыры», «Бейиш эненин таман астында» деген кинофильмдер аркылуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды жайылтуу, маданиятты, тарыхты жаштарга таанытууга болот. «Бейиш эненин таман астында» тасманын сюжети акыл-эси бузулган адамдын апасын бейишке алып барышы үчүн Меккеге жөө барууну чечкен адамдын айланасындагы окуя сүрөттөлөт. Бул сүйүүнүн укмуштуудай күчү жана кыйынчылык түшсө улутуна карабастан ар кандай адамдардын боорукердиги, жардамга кол сунуусу гана бардык кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам бере ала турган сюжетти камтыган кино катары кароого болот[1]. Биз ушундай аракеттер аркылуу улуттук баалуулуктарыбызды таанып, маданий өзгөчөлүктөрдү үйрөнүп, тарыхыбызды билүүгө, жаштар арасында жайылтууга болот.
- **Санариптик технологияларды, социалдык тармактарды, платформаларды колдонуу** - кыргыз үй-бүлөсүнүн маданий өзгөчөлүгүн жана баалуулуктарын үйрөнүү жана сактоо үчүн бул ыкма азыркы тапта эффективдүү болот деген ойдобуз. Азыркы учурда социалдык тармактагы ар кандай подкасттар абдан популярдуу, актуалдуу болуп, кызыгууну жаратууда. Демек, ошол подкасттар аркылуу ийгиликтүү мисалдарды, кызыктуу кейстерди сунуштоо менен үй-бүлө институтунун ролун көтөрүүгө, улуттук, маданий иденттүүлүктү жайылтууга абдан ыңгайлуу аянтча боло алат.

Албетте жаңы түзө ала турган мүмкүнчүлүктөр менен катар **күтүүлүүчү коркунучтардын** болоору шексиз. Аларга карата талдоо жасай турган болсок:

- **Социалдык чакырыктар** – үй-бүлө институтунун жана салттуу нормалардын баалуулугунун алсырашы. Акыркы убактарда үй-бүлө институту белгилүү бир кризистик абалга дуушар болууда, бул өзгөчөлүктү үй-бүлө кургандардын санынын азайышы, ажырашуулардын санынын өсүшү, бала тарбиялоодогу кемчиликтер, үй-бүлө мүчөлөрүнүн карым-катнаш деңгээлинин алсырашы ж.б. көрүнүштөр тастыктап турат. Демек ааламдашуу доорунда үй-бүлөлүк баалуулуктарды сактап, улуттук, маданий

[1] https://ru.wikipedia.org/wiki/%DD0%B5%D1%80%D0%B5%D0%B9

иденттүүлүктүн өзөктүү нормаларын жеткирүү аракетин жайылтуу үчүн үй-бүлө институтуна маани беришибиз керек экенин айгинелеп турат.

- **Экономикалык кризистер** – аргасыз миграцияга кетүү, толук эмес үй-бүлөлөрдүн өсүшү, бул балдардын социалдашуусуна жана тарбиялануусуна таасирин тийгизүүдө; Жогоруда белгиленген процесстер ааламдашуу доорунда кеңири орун алууда. Эгерде үй-бүлө институту өз кызматтарын толук кандуу аткарбаса, жалпы калк үчүн, өлкөнүн келечеги үчүн, келечек муундун тарбиялануусу үчүн тескери таасири тиери шексиз.
- **Маданий ажырым** – ассимиляция, эне тилди жоготуу, маданий баалуулуктарды трансформациялоо. Албетте маданий көп түрдүүлүк жакшы көрүнүш, бирок ошол эле учурда ар бир улуттун уникалдуу, эч кайталангыс кандайдыр бир өзгөчөлүктөрү, улуттук баалуулуктары болушу зарыл. А биз ал өзгөчөлүктөрдү тил аркылуу, маданият аркылуу берип келебиз. Биздин талдоодо белгиленген алсыз жактарыбыз менен катар коркунуч жаратуусу толук мүмкүн деген көрүнүш бул маданий ажырымдын болушу, тилди жоготуу коркунучу, маданий баалуулуктарыбыздын трансформацияланышы жигердүү орун алууда. Бул көрүнүшкө маани берип, чечүү чараларын көрүү зарыл.
- **Санариптештирүү** – заманбап гаджеттердин таасири балдарды тарбиялоодо ата-эненин ролун төмөндөтүшү мүмкүн, анткени тышкы булактар (мисалы, интернет, социалдык тармактар) жаштарга көбүрөөк таасирин тийгизе баштайт. Азыркы тапта социалдашуунун биринчи агенти катары кээ бир үй-бүлөлөрдө интернет, телефон, андагы ар кандай багыттагы видеолор, блогдор болуп жатканын танууга болбойт. Себеби биз байкагандай бала кезинен баштап балдар көп убактысын ата-энеси менен эмес, интернетте өткөрүп, алардан таасир алып, дүйнөгө карата көз карашы калыптанып жатканы келечек муунду тарбиялоодогу чоң коркунуч катары кабыл алуубуз керек.
- **Иденттик кризис** – адеп-ахлактык принциптердин эрозиясы, инсандыкты жоготуу. Ар бир бала үй-бүлөдө өзүн-өзү таанып, иденттүүлүктүн өзөктүү нерселерин калыптандырат. Азыркы учурда балдар эмес, чоңдор дагы өз ордун, жашоодогу максаттарын, улуттук иденттүүлүктүн өзгөчөлүктөрүнө сарасеп салбастан, аларга маани бербестен жашоо кечирип жатышы канча бир убактан соң өз жетишин берип маңкурт болуп калбайбы деген коркунуч пайда болот. Ошондуктан байыртадан ата-бабаларыбыз жети атаны билүү, ата-тегин сурашып, оозеки чыгармачылык аркылуу улуттук маданияттын көрөңгөлүү өзгөчөлүктөрүн укумдан-тукумга өктөрүп берүү аракетин дайыма аткарып келишкен.

**Жыйынтык.**

Жыйынтыктап айтканда, чындыгында ааламдашуу шартында таза, нукура үй-бүлөлүк баалуулуктарды, салттуулукту, нарктуулукту сактап калуу белгилүү бир шарттардан улам кыйынчылык туудурат. Андай болгон күндө да азыркы заманбап шартка, бүгүнкү күндүн талаптарына шайкеш келген баалуулуктарды, иденттүүлүктүн өзгөчөлүктөрүн иштеп чыгуу менен аларды кийинки муундар үчүн өткөрүп берүү аракетин көрүү зарыл. Ал үчүн комплекстүү аракеттерди ишке ашыруу туура чечим болмокчу: алар мамлекеттик деңгээлде, белгилүү бир социалдык институттардын деңгээлинде, коомдукуюмдардын, керек болсо кичи топтордун аракеттеринин негизинде ишке ашырылышы зарыл. Алардын ичинен маанилүүлөрүнө токтолсок.

- Үй-бүлөлүк саясаттын негизинде ар кандай программаларды ишке ашыруу, аларды ар тараптуу колдоо;мисалы, 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында “Үй-бүлө улуттук коопсуздуктун

негизи катары" концепциясына тиешелүү пландарды киргизүү, аларды жигердүү ишке ашыруу[2].

- Билим берүү жана маданият тармагында үй-бүлөлүк баалуулукту, улуттук, маданий идентүүлүктү жайылтуу боюнча атайын окутуу курстарын, тегерек столдорду, конференцияларды байма-бай уюштуруу, аларга жаштарды катыштыруу, кызыктыруу.
- Үй-бүлөлүк баалуулуктарды, улуттук, маданий идентүүлүктү жайылтуу максатында жаштар арасында ар кандай стартаптарды, долбоорлорду уюштуруу иштерин колгоо алуу зарыл.
- Улуттук баалуулуктарды камтыган материалдарды, жазма булактарды, китептерди санариптештирүү иштерин активдештирүү жана жайылтуу.

Ар бир үй-бүлө өз тарыхын, баалуулуктарын балдарына таберик кылып өткөрүп берүү үчүн баланы тарбиялоодо, социалдаштыруу жараянында аракеттерди көрүү, балдары менен ар кандай салттуу майрамдарды биргеликте өткөрүү, кыргыз тилинде баарлашууну жайылтуу.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР**


Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин токтому2023-жылдын 13-июну № 296https://cbd.minjust.gov.kg/160257/edition/1260687/kg

Трудовой кодекс Кыргызской Республики от 4 августа 2004 года № 106https://cbd.minjust.gov.kg/3-22/edition/1220610/ru(Кайрылуу датасы: 13.03.2025).

*Мамлекеттик программалар:*

Пособиялар тууралуу https://www.minfin.kg/posts/show/po-posobiyam

Программа по поддержке и развитию женского предпринимательства в Кыргызской Республике на 2022-2026 годы https://cbd.minjust.gov.kg/53-309/edition/1117600/ru

ПРОГРАММА Правительства Кыргызской Республики по поддержке семьи и защите детей на 2018-2028 годы

2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясыhttps://cbd.minjust.gov.kg/100204/edition/973410/ruhttps://adam.kg/media/uploads/2022/04/15/national-strategy-of-kyrgyz-republic-2018-2040.pdf

*Статистикалык жыйнактар жана статистикалык маалыматтар:*

Женщины и мужчины Кыргызской Республики Сборник гендерно-разделенной статистики Бишкек-2016г. https://kyrgyzstan.unfpa.org/sites/default/files/pubpdf/Men%20and%20Women%20KG.pdf

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. Ажырашуулардын саны https://stat.gov.kg/ru/opendata/category/5835/

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. Никелешүүлөрдүн саны https://stat.gov.kg/kg/opendata/category/5834/

*Интернет булактарынан алынган жаңылыктар:*

Кыргызстан представил доклад о прогрессе в сфере гендерного равенства на 69-й сессии комиссии ООН по положению женщин Подробнее: https://news.kg/2025/03/13/kyrgyzstan-predstavil-doklad-o-progresse-v-sfere-gendernogo-ravenstva-na-69-j-sessii-komissii-oon-po-polozheniju-zhenshhin/

*Электрондук китептер\журналдар жана интернет булактары:*

*Колесникова, Г. И.* Социология и психология семьи : учебник для вузов / Г. И. Колесникова. — 2-е изд., испр. и доп. — Москва : Издательство Юрайт, 2024. — 12 с. — (Высшее образование). — ISBN 978-5-534-12133-9. — Текст :


[2]https://adam.kg/media/uploads/2022/04/15/national-strategy-of-kyrgyz-republic-2018-2040.pdf

электронный // Образовательная платформа Юрайт [сайт]. — URL: https://urait.ru/bcode/537781 (Кайрылуу датасы: 13.03.2025).
Коллекция гуманитарных исследований. Электронный журнал\Психологические науки. Т.А. Шульгина «Современные подходы реализации теории социального обмена». https://cyberleninka.ru/article/n/sovremennye-podhody-realizatsii-teorii-sotsialnogo-obmena/viewer (Кайрылуу датасы: 13.03.2025).
https://ru.wikipedia.org/wiki/%DD0%B5%D1%80%D0%B5%D0%B9
https://ru.wikipedia.org/wiki/ %D0%A2%D0%B5%D0%BE%D1%80%D0%B8%D1%8F_BD%D0%B8%D0%